# ЫМЫРКАЙДЫ ЭМИЗҮҮНҮ ЭРТЕ БАШТОО



**ЫМЫРКАЙГА ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИНКИ БИР СААТТЫН ИЧИНДЕ ЭНЕСИНИН ЭМЧЕГИН ЭМИЗҮҮ КЕРЕК. «ТЕРИ-ТЕРИГЕ» ЫКМАСЫ ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮНҮН ЭРТЕ БАШТАЛЫШЫНА КӨМӨК КӨРСӨТӨТ.**

## «ТЕРИ-ТЕРИГЕ» байланышы:

- √ эне менен ымыркайды тынчтандырат, ымыркайдын жүрөгүнүн кагышынын жана дем алуусунун турукташуусуна көмөктөшөт
- √ энесинин денесинен келип жаткан жылуулуктун эсебинен балага жылуулукту камсыздайт
- √ баланы төрөлгөндөн кийин биринчи сааттарда энесинен бөлүп койгонго караганда, ымыркайга энесинин эмчегин өзү табышына жана өз алдынча эмүүсүнө мүмкүнчүлүк берет, бул эмчекти натыйжалуу соруу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат
- √ бала алгачкы эки сааттын ичинде активдүү болгондуктан, эне менен баланын жакындашуусуна өбөлгө түзөт. Эки, үч сааттан кийин ымыркайлар адатта узак убакытка чейин укташат
- √ эгерде ымыркай төрөлөөрү менен аны кармаган биринчи адам дарыгер, медайым же башкалар эмес энеси болсо, анын ичегисине чоочун бактериялардын эмес, энесинин денесинде жайгашкан бактериялардын көчүшүнө көмөктөшөт
- √ ымыркайдын азыраак ыйлашына түрткү болот, стресс азаят жана энергиясын көп жоготпойт
- √ зат алмашуулардын ыңгайлашуусуна жана ымыркайдын канында глюкозанын деңгээлинин турукташуусуна жардам берет

### ИЙКЕМДҮҮЛҮК МЕНЕН ТАМАКТАНДЫРУУ

Ымыркай төрөлгөндөн кийин жаңы чөйрөнү өздөштүрүү үчүн бир аз эс алууга муктаж. Ымыркайдын эмчек эмүүгө даяр экендигин билдирген жүрүм-туруму жана белгилерине энелердин көңүлүн бурабыз:

- √ бала колун оозуна салып соруу кыймылдарын жасайт, үн чыгарат жана колу менен эмчектин үрпүн кармалайт
- √ бала сүт безинин күңүрт аймагынан көзүн албай, үңүлө карайт
- √ бала энесинин эмчегин көздөй жүткүнгөнгө аракет кылат («түрткүлөйт»)
- √ бала энесинин эмчегинин үрпүн таап жана оозун чоң ачып эме баштайт
- √ бала энесинин эмчеги менен таанышып жаткандыктан биринчи жолку эмизүү өтө манилүү

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги
USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН
SPRING